начарлашынан улам болгон чыгымдардын ордун толтурууну Ижара алуучудан талап кылууга.

5. Ижарага алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- ижарага алынган муниципалдык курулмада, имаратта (жайда) өз алдынча чарбалык ишти ушул Келишимдин 1-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарга жана шарттарга гана ылайык жүргүзүүгө;

- өткөрүп берүү-кабыл алуу актысына кол коюлгандан кийин ижарага алынган мамлекеттик курулманы, имаратты (жайды) пайдаланууга киришүүгө.

6. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- муниципалдык, мүлктү Ижарага алуучуга ушул Келишимдин шарттарына ылайык абалда берүүгө;

- ушул Келишим макулдашылгандан кийин муниципалдык мүлктү 10 күндүн ичинде Ижарага алуучуга өткөрүү-кабыл алуу актысы боюнча өткөрүп берүүгө;

- эгерде мыйзамдарга жана ушул Келишимдин шарттарына каршы келбесе Ижара алуучунун чарбалык ишине кийлигишпөөгө, анын муниципалдык мүлктү пайдаланышына тоскоолдук кылбоого;

- Ижарада турган муниципалдык мүлктүн абалын контролдоону ишке ашырууга;

- Келишимди бузууда муниципалдык мүлктү Ижарага алуучунун кайтарып берүүсү боюнча керектүү чараларды көрүүгө;

- Ижарага алуучудан ижара акысы алынгандан кийин, банктык 10 күндүн ичинде Ижарачы төккөн ижара акысын ыйгарым укуктуу органдын алыш-бериш эсебине которууга;

- Келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө Ижарага алуучуга өз убагында билдирүүгө.

7. Ижарага алуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

- муниципалдык мүлктү ушул Келишимдин шарттарына ылайык пайдаланууга алууга;

- ижарага алынган мүлктү ушул Келишимдин 1-пунктунда көрсөтүлгөн максаттардагы багыты боюнча гана пайдаланууга;

- ижарага алынган мүлктү Ижарага берүүчүгө кайра өткөрүп берген учурга чейин тиешелүү техникалык жана санитардык абалда кармоого;

- Ижарага берүүчүнүн кат жүзүндөгү уруксатысыз ижарага алынган муниципалдык мүлккө эч кандай капиталдык өзгөртүп пландоолорду жана өзгөртүүлөрдү жүргүзбөөгө;

- ижара акысын ар бир айдын 5-күнүнө чейин төлөөгө, ошондой эле тиешелүү эксплуатациялык чыгымдарды төлөөгө;

- салык мыйзамдарында аныкталган учурларда мүлк салыгын төлөөгө;

- Ижарага берүүчүнүн ижарага берилген объектини кароосун белгиленген тартипте камсыздоого, анын көрсөтмөлөрүн мөөнөтүндө аткарууга;

- ижарага алынган мүлккө тиешелүү эрежелерди жана мамлекеттик көзөмөлдөө органдарынын буйруктарын аткарууга, техникалык пайдаланууу, техникалык коопсуздук, өрт коопсуздук эрежелерин сактоого жана аларды аткарбагандыгы үчүн мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликти тартууга;

- өзүнүн чарбалык ишинин натыйжасында ижарага алынган мүлктүн абалынын начарланышына байланыштуу ижара берүүчүгө келтирилген чыгымдарды толук төлөп берүүгө;

- ижараны кайра ижарага бербөөгө, ижарага алынган мүлктү күрөөгө койбоого же башкача түрдө оордотпоого;